МОН

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**МЫЙЗАМЫ**

**ЗАКОН**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**Илим жөнүндө**

2023-жылдын 21-июнунда

Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңеши кабыл алган

**1-глава. Жалпы жоболор**

**1-берене. Укуктук жөнгө салуу предмети**

Ушул Мыйзам илим жана илимий-техникалык иш жаатындагы коомдук мамилелерди жөнгө салат, илимий жана илимий-техникалык ишти жүзөгө ашыруунун негизги укуктук, уюштуруучулук, экономикалык негиздерин, илимий-техникалык маалымат системасынын иштөө негиздерин аныктайт.

**2-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамда төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр пайдаланылат:

1) **аспирантура (адъюнктура)** – илимий-изилдөө иштерин пландоо жана өз алдынча жүргүзүү боюнча компетенцияларга, ошондой эле илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жекече илимий-квалификациялык ишти (диссертацияны) даярдоого мүмкүндүк берүүчү терең теориялык билимдерге ээ болгон илимий-педагогикалык жана илимий кадрларды даярдоонун формасы;

2) **илимий жана илимий-техникалык уюмдарды аттестациялоо** – ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген белгилүү бир талаптарга анын шайкештигин таануу максатында илимий жана илимий-техникалык уюмдардын ишин жалпы баалоонун жол-жобосу;

3) **илимий-техникалык маалыматтар базасы** – белгиленген максат үчүн жетиштүү болгон, анда камтылган маалыматты автоматташтырылган кайра иштетүүнү жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берүүчү түрдөгү электрондук алып жүрүүчүдө берилген маалыматтардын топтому;

4) **илимий-техникалык маалыматтар банкы** – илимий-техникалык маалыматтардын бир же бир нече базасынан жана алардагы маалыматтарды сактоо, иштеп чыгуу жана издөө системасынан турган автоматташтырылган маалыматтык-издөө системасы;

5) **грант** – аларды пайдалангандыгы жөнүндө кийин отчет берүү менен илимий изилдөөлөрдү, илимий-техникалык программаларды, долбоорлорду жана тажрыйбалык-

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**МЫЙЗАМЫ**

**ЗАКОН**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**О науке**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики

21 июня 2023 года

**Глава 1. Общие положения**

**Статья 1. Предмет правового регулирования**

Настоящий Закон регулирует общественные отношения в области науки и научно-технической деятельности, определяет основные правовые, организационные, экономические основы осуществления научной и научно-технической деятельности, основы функционирования системы научно-технической информации.

**Статья 2. Основные понятия, используемые в настоящем Законе**

В настоящем Законе используются следующие основные понятия:

1) **аспирантура (адъюнктура)** – форма подготовки научно-педагогических и научных кадров, обладающих компетенциями по планированию и самостоятельному проведению научно-исследовательских работ, а также глубокими теоретическими знаниями, позволяющими подготовить индивидуальную научно-квалификационную работу (диссертацию) на соискание ученой степени кандидата наук;

2) **аттестация научных и научно-технических организаций** – процедура оценки деятельности научных и научно-технических организаций в целом с целью признания ее соответствия определенным требованиям, установленным уполномоченным государственным органом;

3) **база научно-технических данных** – набор данных, который достаточен для установленной цели, представлен на электронном носителе в виде, позволяющем осуществлять автоматизированную переработку содержащейся в нем информации;

4) **банк научно-технических данных** – автоматизированная информационно-поисковая система, состоящая из одной или нескольких баз научно-технических данных и систем хранения, обработки и поиска информации в них;

5) **грант** – безвозмездная субсидия юридическим и физическим лицам в денежной или натуральной форме на проведение научных исследований, научно-технических программ, проектов и опытно-конструкторских работ с последующим отчетом об их использовании;